КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КОЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

АК-БУЛУН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
721801 Ак-Булуна.Торгоев кочосу. 7
ИНН 00101197410057
р\с № 29017238210040
Ак-Суу КРБ.4404011251000160
Коду 70111
РСК банк ААК Теплоключенка филиалы
E-mail :akbulun.ao@mail.ru
Факс (3948)60567

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АК-БУЛУНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
721801 с Ак-Булун ул.Торгоева 7
ИНН 00101197410040
р\с № 29017238210040
Теплоключенская ФОАО "РСК Банк"
код70111
Ак-Суйский РОК,440401125100060
E-mail : akbulun.ao@mail.ru
Факс (3948)60567

**Ак-Булуӊ айыл аймактык кеӊешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз чакырылган 9-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2022-жылдын 25-марты № 20** **Ак-Булуӊ а**

**Ак-Булуӊ айыл аймагынан 5 га жайыт жер тилкесин жана бадалдар жайгашкан жер тилкени өнөр жай, байланыш коргоо жана башка жерлерге которууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №45 "Жер Кодексинин" 4, 18-статьяларынын, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 2-пунктуна ылайык Кадастр мамлекеттик мекемесинин Каракол-Ак-Суу филиалынын Ак-Булун айыл аймагындагы №2-контурунан 2,1га, №973-контурунан 1,1га, №1012-контурунан 1,0 га, №1017-контурунан 0,8 га баардыгы 5га айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкесин жана бадалдар жайгашкан жер тилкени онор жай, байланыш, коргоо жана башка жерлер түрүнө которууга даярдалган жерге жайгаштыруу көктөмөсүн карап чыгып, Ак-Булун айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Булун айыл аймагындагы №2-контурунан 2,1га, №973-контурунан 1,1га, №1012-контурунан 1,0 га, №1017-контурунан 0,8 га баардыгы 5га айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкесине кичи ГЭС курууга макулдук берилсин.

2. Ак-Булун айыл аймагындагы №2-контурунан 2,1 га, №973-контурунан 1,1 га, №1012-контурунан 1,0 га, №1017-контурунан 0,8 га баардыгы 5 га айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкесин жана бадалдар жайгашкан жер тилкени онор жай, байланыш, коргоо жана башка жерлер түрүнө которууга макулдук берилсин.

3. Бул токтом Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн  жиберилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Булун айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Торогелдиевке жүктөлсүн.

**Төрага** **Алымжан уулу Исламбек**

Жиберилди Иш кагаздарга-1 Ак-Суу РМАга-1. Ысык-Көл облустук юстиция башкармлыгына -1